**Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү чектөөлөргө макулдук берүү жана кабыл алуу**

# МИЛДЕТТЕНМЕСИ

Бул форма Сиздин Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарында («Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө», «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында) каралган коррупцияга каршы чектөөлөрдү кабыл алып жатканыңызды ырастоо максатында колдонулат.

Толтурулган жана кол коюлган ырастоо формасы иш же кызматтык милдеттерди аткарган датадан тартып мамлекеттик/муниципалдык органдын кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин өздүк иштеринде сакталат.

Мен, ______________________________________________

(аты-жөнү)

______________________________________________

(кызмат орду)

Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарын сактоо, өзүмдүн ыйгарым укуктарымды жекече, топтук же башка кызматтык эмес кызыкчылыктар үчүн пайдаланууга алып келиши мүмкүн болгон аракеттерди жасоого жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы, анын ичинде төмөнкүлөр боюнча чектөөлөрдү кабыл алам:

1) өзүм үчүн же башка кызмат адамдарынын, кызматкерлердин жана үчүнчү жактардын кызыкчылыгы үчүн кызматтык абалымды же болбосо кызматтык ыйгарым укуктарымды пайдаланып, мүлктүк же мүлктүк эмес пайда алуу же көрүү максатында кандай болбосун негиздер боюнча ар кандай жактардан мыйзамсыз материалдык сый акы (кайсы бир формада) кабыл алууга жол бербөө;

2) өз кызматтык милдеттеримди аткаруу убагында алдамчылык, ууру-кескилик, чыгым келтирүү же иш берүүчүнүн мүлкүн, анын кызматкерлерин же башка жактарды ар кандай зыянга учуратуу менен байланышкан аракеттерди жасоого жол бербөө;

3) өз кызматтык милдеттеримди жана ыйгарым укуктарымды (функцияларды) аткаруу менен айкалышпаган иштерди жүргүзбөө;

4) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын таламдарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар болсо, ал алынып салынгандыгына же жоюлгандыгына карабастан, айрым кызматтарды (Омбудсмен (Акыйкатчы), аскер кызматчылары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, сот аткаруучулар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар) ээлөөгө мүмкүндүк түзбөө;

5) кызмат адамдарынын жана кызматкерлердин алардын жакын туугандары менен бир бөлүмдө турган кызматтарды, же - эгерде бөлүмдөрү ар башка болсо – ээлеген кызматы функционалдык жактан алардын жакын туугандары ээлеген кызмат орундарына байланыштуу болуусуна тыюу салуу;

6) мүлктүк жана мүлктүк эмес пайдаларды жана артыкчылыктарды жеке өзү үчүн же болбосо үчүнчү жактардын кызыкчылыктарында алуу же көрүү максатында үчүнчү жактардын расмий таратуусуна жана пайдалануусуна жатпаган кызматтык, жашыруун, коммерциялык жана башка маалыматтарды пайдаланууга жол бербөө;

7) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгилүү бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматты ээлөөгө же белгилүү бир иш менен алектенүүгө өмүр бою тыюу салуу;

8) кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу белектерди кабыл алууга тыюу салуу ж.б..

______________________________

______________________________

(Колу. Аты-жөнү, кызматы, датасы.)